ЖАЛАЛ АБАД ЭЛ АРАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИНИН
Окумуштуулар кеңешинин жыйынынын
№02/24 протоколу

2024-ж. 17-октябрь Жалал-Абад ш.

Окумуштуулар кеңешинин курамы:
Баары: 9
Катышкандар: 7
Катышпагандар: 2

Окумуштуулар кеңешинин жыйыны башталаардан мурун Кыргыз Республикасынын гимни жаңырды.

ЖАЭУнун ректору, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы ф-м.и.к., доцент М.Р.Нарбаев Окумуштуулар кеңешинин жыйынында каралуучу күн тартибиндеги маселелер менен тааныштырды.

КҮН ТАРТИБИ:

1. 2024-2025-окуу жылына карата даярдыктар жөнүндө;
2. Административдик-окуу корпусунун жаңы окуу жылына жана кышка карата даярдыгы жөнүндө;
3. 2024-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасынын долбоорун бекитүү;
4. Ар түрдүү маселелер:
    4.1. Аккредитацияга карата даярдыктар жөнүндө;
    4.2. Илимий, окуу-усулдук иштерди каржылоо жөнүндө;
    4.3. Окумуштуулар кеңешинин курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.

Күн тартиби боюнча сунуштар болгон жок. Күн тартибинде каралуучу маселелерди бекитүү добушка коюлду. Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен күн тартиби бир добуштан бекитилди.

1-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А. Садырова сөз сүйлөдү:
– “Саламатсыздарбы урматтуу Окумуштуулар кеңешинин төрагасы жана мүчөлөрү!

2024-2025-о.ж. окуу планы боюнча ГТД жана ЖМД кафедралар тиешелүү иш кагаздарын, жоболорду, өздөрүнүн предметтери боюнча силлабустарын түзүп, актуалдаштырышты. Электрондук окутуу системасы боюнча тренингдер өткөрүү пландаштырылды. Жаңы жумушка кирип жаткан окутуучуларыдын билим деңгээлине байланыштуу педагогикалык-психологиялык тесттер уюштурулду.

Инфраструктура боюнча: Окуу залдары, бөлмөлөр, лабораториялар жана спорттук аянтчалардын абалы текшерилди. Аудиториялык фонд такталды. Башкы корпуста 46 кабинет – 920 орундуу, ЧАЗ – 640 орундуу окуу процессинин башталышына даярдалган. AVN автоматташтырылган маалыматтык системасы үчүн жаңы техникалар жана ресурстар сатып алынды. Интернет байланышы менен камсыз кылуу максатында ЭлКат ЖЧКсы менен келишим түзүлүп, интернет байланышы толук кандуу иштеп жатат. Китепкана, окуу залы, тренажер залдары да окуу процессинин башталышына карата даяр.

Китепкананын жобосу орус, кыргыз жана англис тилдеринде жасалды. Китепкана тууралуу маалыматтар даярдалып, университеттин сайтына жүктөлдү. Китептер боюнча инвентаризация жүргүзүлүп, «Китепкана фонду» түзүлдү. Англис тилиндеги 1000ден ашык жана орус тилиндеги 200гө жакын pdf форматындагы медициналык китептер электрондук

китепканага жүктөлдү, тизмелер түзүлүп, университеттин сайтына жүктөө үчүн өткөрүлүп берилди. Андан сырткары орус жана англис тилдеринде гуманитардык, физика-математика багыттары боюнча 200гө жакын pdf форматтагы китептер электрондук китепканага жүктөлүп, тизмелер түзүлүп, университеттин сайтына жүктөө үчүн өткөрүлүп берилди.

108 950 сомго китеп сатып алуу үчүн билдирүү даярдап, Бишкек шаарынан жеке ишкер менен келишим түзүлдү. Research4 Life компаниясы менен англис жана орус тилдеринде лицензиялык келишим даярдалган. «Кыргыз почтасы» менен 3 медициналык журналга жазылып, келишим түзүлдү. Ошону менен бирге ЖАЭУнун студенттерин китепкана карточкалары менен камсыз кылуу, китептерди берүү жана кабыл алуу иштери жүргүзүлдү. Көйгөйлөр: университеттин веб-сайтынын сыйымдуулугу чектелген, ал 50 ГБ, анын 15 ГБна жакыны гана китептерге бөлүнгөн, ошондой эле 128 Мб өлчөмүндөгү китепти жүктөй алат, ошондуктан сайтка жүктөө үчүн берилген китептердин көбү жүктелген жок, жумуш убактысын текке кетиришти.

AVN автоматташтырылган маалыматтык системасынын сервери орнотулуп ишке кирди. Окуу пландар түшүрүлдү. Ошондой эле кызматкерлер, профессордук окутуучулук курам боюнча маалыматтар киргизилди. Веб контент ишке киргизилди. Кабинеттерге интернет тармагы тартылып, толук кандуу иштеп жатат (4 этажга, компьютерный класстарга).”

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) Кафедралардын окуу процессине тиешелүү иш кагаздары толукталып, AVN автоматташтырылган маалыматтык системасы тез арада толук кандуу ишке киргизилсин;

б) Аудитордук фонд тиешелүү кафедраларга бөлүнүп, кабинет башчылары бекитилсин;

в) Мамлекеттик стандарттагы талаптарга ылайык окуу процессин уюштуруу максатында окуу китептерин жана тиешелүү лабораторияларды уюштуруу үчүн керектүү болгон каражаттарды сатып алууга акча каражаты бөлүнүп берилсин жана бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрүнүн жана камкордук кеңештеринин кароосуна сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан кабыл алынды.

2-маселе боюнча ЖАЭУнун административдик-чарба иштери боюнча проректору Э.Ш. Торокулов сөз сүйлөдү: – “Окуу корпусу окуу жылына даяр, жылуулук берүүчү системалар текшерилди. Аудиторияларга керектүү жабдыктар менен камсыздалды. Администрацияга керектүү эмеректерге буйрутма берилип, даярдалуу процессинде. Ошондой эле компьютерлер жана принтерлерди да сатып алуу үчүн сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп келишимдер түзүлдү. Ошондуктан университеттин административдик-окуу корпусундагы окуу аудиторияларын жана кызматкерлердин кабинеттерин керектүү болгон эмеректер, жабдуулар жана оргтехникалар менен жабдуу үчүн акча каражатын бөлүп берүүнү суранам.”

2-маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) ЖАЭУнун административдик-окуу корпусундагы окуу аудиториялары жана кызматкерлердин кабинеттери үчүн керектүү болгон эмеректерди, жабдууларды жана оргтехникаларды сатып алууга акча каражаты бөлүнсүн жана бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАМУнун негиздөөчүлөрүнүн жана камкордук кеңештеринин кароосуна сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан кабыл алынды.

3-маселе боюнча ЖАЭУнун башкы эсепчиси Н.Т.Токоева сөз сүйлөдү: – “2024-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасынын долбоору боюнча маалыматка назарыңыздарды бурам. Окуу жылынын башталышында план боюнча 100 студент

кабыл алуу пландаштырылган. Кирешенин көлөмү 200 миллион сом болот деп божомолдонгон. 4 айдын ичинде 6 миллион сом чыгым болду. Ушул 2024-календардык жылдын аягында же январь айында кабыл алынган студенттердин так санына карата кирешелердин жана чыгымдардын сметасына өзгөртүүлөр киргизилүү менен кайрадан бекитүүгө сунушталат.”

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) 2024-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасынын долбоору бекитилсин (календардык жылдын аягында өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен кайрадан бекитүүгө сунушталуу менен) жана бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрүнүн жана камкордук кеңештеринин кароосуна сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан бекитилди.

4. Ар түрдүү маселелер:

4.1-маселе боюнча окуу иштери боюнча проректор, м.и.к. Н.А.Садырова сөз сүйлөдү: – “Аккредитациянын талаптарына жооп бере турган, “Өзүн өзү баалоо отчету” приказдын негизинде бекитилген жооптуу адамдар тарабынан даярдалып жатат. Стандарттардын тиешелүү тиркемелери гугл дискке тиркелип, документтердин копиялары бокс файлдарга тиркелүүдө. Аккредитациянын талаптары боюнча бардык маселелер аткарылууда. Окутуучулар үчүн TOEFL-ITP курсун окуу жана экзамен тапшыруу үчүн келишим даярдалууда. Кемчилдиктерди жоюу боюнча төмөнкүдөй сунуштар берилет:

- Сайт толукталсын;
- AVN автоматташтырылган маалыматтык системасынын толук кандуу ишке киргизилсин;
- МТБ чыңдоо боюнча жумуштар күчөтүлсүн;
- “Өзүн өзү баалоо отчету” менен тиешелүү структуралар таанышырылсын;
- ПОК, ата-энелер, студенттер, стейкхолдерлер тизмелери такталып, интервьюга даярдалсын жана жооптуулар төмөнкү тизме боюнча дайындалууга сунушталат: студенттер – Садырова Н.А.; ата-энелер – Астанов Ш.М.; стейкхолдер – Садырова Н.А., Астанов Ш.М.; ПОК – Асилова З.А.;
- Университеттин Миссиясы аудиторияларга, кабинеттерге жана окуу-практикалык базаларга илинсин;
- Кафедралардын, структуралардын иш кагаздары номенклатура боюнча толукталсын.”

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

а) “Өзүн өзү баалоо отчету” каралып, толукталып бекитилсин жана аккредитациядан өткөрүү боюнча эксперттик комиссияга жөнөтүлсүн;

б) Кемчилдиктерди жоюу боюнча жогоруда айтылган сунуштарды аткаруу тиешелүү жооптуу кызматкерлерге жүктөлсүн, көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректорго жүктөлсүн;

в) Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо боюнча көз карандысыз агенттик тарабынан ЖАМУну эл аралык институционалдык жана программалык аккредитациядан өткөрүү үчүн келишимде көрсөтүлгөн тиешелүү өлчөмдөгү акча каражаты бөлүнсүн жана бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАМУнун негиздөөчүлөрүнүн жана камкордук кеңештеринин кароосуна сунушталсын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан бекитилди.

4.2.-маселе боюнча ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Илимий иштер жогорку окуу жайдын башка окуу жайларга салыштырмалуу көрсөткүчүн аныктоочу негизги факторлордун бири

болуп саналат. Ошондуктан көпчүлүк жогорку окуу жайларда илимий иштер менен алек болгон окутуучуларга материалдык жактан колдоо каралган. Биздин окуу жайда да профессордук-окутуучулук курамга, кызматкерлерге дем-шык берүү, ишке болгон кызыгуусун арттыруу, материалдык жактан колдоо жана окуу жайыбыздын аброюн арттыруу максатында илимий жана окуу-усулдук иштер үчүн сый акыларды, кошумча төлөмдөрдү киргизүүнү сунуш кылам. Сунуш кылынып жаткан сый акылардын, кошумча төлөмдөрдүн өлчөмүн башка окуу жайларга карап, бюджетибизди эске алып аныктап алсак жакшы болот. Ушул айтылгандар боюнча сунушуңуздарды берсеңиздер.”

Сөзгө чыккандар:

1. Экономист Нарматов М.К – “Бул маселе боюнча бизге жакын жайгашкан окуу жайларды анализ кылып көрдүк. Ар бир окуу жайда окутуучуларды шыктандыруучу сыйлыктар бар экен. Алардын эң жогорку денгээлде баалангану илим жаатына бөлүнөт экен. Ошондуктан башка окуу жайлардан кем болбогон шыктандыруучу сумманы бекитип койсок жакшы болот деп ойлойм”.
2. Илимий, мамлекеттик тил жана социалдык иштер боюнча проректор Асилова З.А. – Лицензиялык талаптарга ылайык окумуштуулук наам жана ЖОЖдордун рейтингине катышуу үчүн Scopus базасында катталган журналдарда макалалар болушу шарт. Ошондуктан мен ойлойм шыктандыруу сөзсүз болуш керек. Илимдин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн 50000 (элүү миң) сом ал эми илимдин доктору окумуштуулук даража үчүн 100000 (жүз миң) сом өлчөмүндө бөлүнүүсүн сунуштайм”.
3. Окуу иштер боюнча проректор Садырова Н.А. – “Phd доктор окумуштуулук даражасын да коргой турган окутуучуларыбыз үчүн (КРнын УИАсы тарабынан нострификация болгон учурда) – 50 000 (элүү миң) сом өлчөмүндө бекитилүүсүн сунуштайм.

Бул маселе боюнча төмөнкүдөй токтом долбоору бекитүүгө сунушталды:

1. ЖАЭУнун профессордук-окутуучулук курамын, кызматкерлерин колдоо жана университеттин илимий потенциалын өнүктүрүү максатында:

а) ЖАМУнун штаттык кызматкерлери тарабынан корголгон кандидаттык жана докторлук окумуштуулук даражалар үчүн изилдөөчүгө бир жолу берилүүчү сый акы каралсын жана анын өлчөмү:

- илимдин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн – 50 000 (элүү миң) сом;
- илимдин доктору окумуштуулук даражасы үчүн – 100 000 (жүз миң) сом;
- Phd доктор окумуштуулук даражасы үчүн – 50 000 (элүү миң) сом өлчөмүндө бекитилсин;

б) ЖАЭУнун штаттык профессордук-окутуучулук курамы жана кызматкерлери тарабынан даярдалган эки илимий макаланы басмадан чыгарууга жумшалуучу чыгымдар университеттин эсебинен каржылансын (авторлоштор болгон учурда авторлоштордун санына жараша пайыздык катышта каржыланат);

2. Негизги иштеген жери боюнча окумуштуулук даражасы бар илимий, педагогикалык кызматкерлердин, профессордук-окутуучулук курамдын эмгек акысына ай сайын төмөнкү өлчөмдө кошумча акы белгиленсин:

а) илимдин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн – 30 000 (отуз миң) сом;

б) илимдин доктору окумуштуулук даражасы үчүн – 40 000 (кырк миң) сом;

в) Phd доктор окумуштуулук даражасы үчүн – 30 000 (он миң) сом;

г) Окумуштуулук даражасы бар кесипкөй адистерди тартуу максатында сырттан келген айкалыштыруучу окутуучуларга – 10 000 (он миң) сом;

3. ЖАЭУнун профессордук-окутуучулук курамы жана кызматкерлери тарабынан даярдалган жана окуу процессине керектүү болгон окуу куралдарды, окуу-усулдук колдонмолорду ж.б. басмадан чыгарууга жумшалуучу чыгымдар университеттин эсебинен каржылансын.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен токтом долбоору бир добуштан бекитилди.

4.3.-маселе боюнча ЖАЭУнун ректору, ф.-м.и.к., доцент, Окумуштуулар кеңешинин төрагасы М.Р.Нарбаев сөз сүйлөдү: – “Урматтуу кесиптештер! 2024-2025-окуу жылы үчүн Окумуштуулар кеңешинин 9 кишиден турган курамы Окумуштуудар кеңешинин 2024-жылдын 19-сентябрындагы жыйынынын №01/24 протоколу менен бекитилген. Эл аралык байланыштар жана маркетинг боюнча бөлүмүнүн башчысы – Гайсина Дания Александровна жана Укуктук иштер жана адам ресурстары бөлүмүнүн башчысы – Юлдашева Барно Муратжановна жумуштан кеткендигине байланыштуу окумуштуулар кеңешинин курамынан чыгарылат.”

Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын жыйынтыгында, айтылган сунуштарды жана толуктоолорду эске алуу менен, Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан төмөнкүдөй чечим кабыл алышты:

Чечим:

1. а) Кафедралардын окуу процессине тиешелүү иш кагаздары толукталып, AVN автоматташтырылган маалыматтык системасы тез арада толук кандуу ишке киргизилсин;

   б) Аудитордук фонд тиешелүү кафедраларга бөлүнүп, кабинет башчылары бекитилсин;

   в) Мамлекеттик стандарттагы талаптарга ылайык окуу процессин уюштуруу максатында окуу китептерин жана тиешелүү лабораторияларды уюштуруу үчүн керектүү болгон каражаттарды сатып алууга акча каражаты бөлүнүп берилсин жана бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрүнүн жана камкордук кеңештеринин кароосуна сунушталсын;
2. ЖАЭУнун административдик-окуу корпусундагы окуу аудиториялары жана кызматкерлердин кабинеттери үчүн керектүү болгон эмеректерди, жабдууларды жана оргтехникаларды сатып алууга акча каражаты бөлүнсүн жана бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрүнүн жана камкордук кеңештеринин кароосуна сунушталсын.
3. а) 2024-календардык жыл үчүн кирешелердин жана чыгымдардын сметасынын долбоору бекитилсин (календардык жылдын аягында өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен кайрадан бекитүүгө сунушталуу менен) жана бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрүнүн жана камкордук кеңештеринин кароосуна сунушталсын;
4. Ар түрдүү маселелр:

   4.1. а) “Өзүн өзү балоо отчету” каралып, толукталып бекитилсин жана аккредитациядан өткөрүү боюнча эксперттик комиссияга жөнөтүлсүн;

   б) Кемчилдиктерди жоюу боюнча жогоруда айтылган сунуштарды аткаруу тиешелүү жооптуу кызматкерлерге жүктөлсүн, көзөмөлдөө окуу иштери боюнча проректорго жүктөлсүн;

в) Билим берүү программаларын жана уюмдарын аккредитациялоо боюнча көз карандысыз агенттик тарабынан ЖАЭУну эл аралык институционалдык жана программалык аккредитациядан өткөрүү үчүн келишимдин негизинде тиешелүү өлчөмдөгү акча каражаты бөлүнсүн жана бул чечимди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрүнүн жана камкордук кеңештеринин кароосуна сунушталсын

4.2. 1. ЖАЭУнун профессордук-окутуучулук курамын, кызматкерлерин колдоо жана университеттин илимий потенциалын өнүктүрүү максатында:

а) ЖАЭУнун штаттык кызматкерлери тарабынан корголгон кандидаттык жана докторлук окумуштуулук даражалар үчүн изилдөөчүгө бир жолу берилүүчү сый акы каралсын жана анын өлчөмү:

- илимдин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн – 50 000 (элүү миң) сом;
- илимдин доктору окумуштуулук даражасы үчүн – 100 000 (жүз миң) сом;
- Phd доктор окумуштуулук даражасы үчүн – 50 000 (элүү миң) сом өлчөмүндө бекитилсин;

б) ЖАЭУнун профессордук-окутуучулук курамы жана кызматкерлери тарабынан даярдалган эки илимий макаланы басмадан чыгарууга жумшалуучу чыгымдар университеттин эсебинен каржылансын (авторлоштор болгон учурда авторлоштордун санына жараша пайыздык катышта каржыланат);

2. Негизги иштеген жери боюнча окумуштуулук даражасы бар илимий, педагогикалык кызматкерлердин, профессордук-окутуучулук курамдын эмгек акысына ай сайын төмөнкү өлчөмдө кошумча акы белгиленсин:

а) илимдин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн – 30 000 (отуз миң) сом;

б) илимдин доктору окумуштуулук даражасы үчүн – 40 000 (кырк миң) сом;

в) Phd доктор окумуштуулук даражасы үчүн – 30 000 (он миң) сом;

г) Окумуштуулук даражасы бар кесипкөй адистерди тартуу максатында сырттан келген айкалыштыруучу окутуучуларга – 10 000 (он миң) сом;

3. ЖАЭУнун профессордук-окутуучулук курамы жана кызматкерлери тарабынан даярдалган жана окуу процессине керектүү болгон окуу куралдарды, окуу-усулдук колдонмолорду ж.б. басмадан чыгарууга жумшалуучу чыгымдар университеттин эсебинен каржылансын;

4. Жогорудагы чечимдерди бекитип берүү жагы ЖАЭУнун негиздөөчүлөрүнүн жана камкордук кеңештеринин кароосуна сунушталсын.

4.3. Гайсина Д.А. жана Юлдашева Б.М. Окумуштуулар кеңешинин курамынан чыгарылсын.

Көчүрмөсү аныкка

ЖАЭУнун Окумуштуулар кеңешинин окумуштуу катчысы, т.и.к., доцент: Асилова З.А.